**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

20 - декабрь 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз V сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 1 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 5- сессиясынын катчысы жөнүндө».**

Чыгып сүйлөгөн депутаттардын сунуштарын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Депутат ***Шайбеков Тилек Джиргалбекович*** Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 5- сессиясынын катчысы болуп шайлансын.

2. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.

3. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК
ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ


20 - декабрь 2024-жыл.


Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com


**I чакырылышынын**
**кезексиз V сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 2 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Шаардык мэриянын 19.12.2024-жылдагы “Таш-Көмүр шаардык мэриясы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен субкредиттик жана субгранттык макулдашууларды түзүүсүнө макулдук берүү тууралуу” №01-21/4044 кайрылуу каты жөнүндө”.**

Шаардык мэриянын 19.12.2024-жылдагы “Таш-Көмүр шаардык мэриясы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен субкредиттик жана субгранттык макулдашууларды түзүүсүнө макулдук берүү тууралуу” №01-21/4044 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы **“Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ч.Урматаалиевдин** билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 5 – сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шаардык мэриянын 19.12.2024-жылдагы “Таш-Көмүр шаардык мэриясы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен субкредиттик жана субгранттык макулдашууларды түзүүсүнө макулдук берүү тууралуу” №01-21/4044 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы **“Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ч.Урматаалиевдин** билдирүүсү эске алынсын.
2. “Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы “Кыргыз Республикасынын суу секторунун туруктуулугун жогорлатуу программасы – Кадамжай, Таш-Көмүр, Көк-Жангак жана Айдаркен шаарларынын чакан долбоорлору” долбоорунун алкагында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-октябрындагы №619-т тескемесин ишке ашыруу максатында, Таш-Көмүр шаардык мэриясынын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен 2 000 000 (эки миллион) евро субгранттык жана 2 000 000 (эки миллион) евро субкредиттик макулдашууларды түзүүсүнө макулдук берилсин.
3. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.

4. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин алдындагы "Экономика жана бюджет" боюнча туруктуу комиссиясына (Ч.Урматаалиев) жүктөлсүн.

Таш-Көмүр шаардык депутаттар
Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев